
# Суу кайда барат?



Автор: Айгуль Джапарова
Сүрөтчү: Эржан Токтогулов
Которгон: Талгат Деркембаев

# Суу кайда барат?

Автор: Айгуль Джапарова
Сүрөтчү: Эржан Токтогулов
Которгон: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Суу кайда барат?" (кыргыз тилинде), автор Айгуль Джапарова, сүрөтчү Эржан Токтогулов, которгон Талгат Деркембаев

*Куда бежит речка*, Copyright © 2023, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Суу таштан-ташка урунуп, шар агып жатат.

Айлана мемиреп тынч.

Таң...

Бир маалда Суу  кичинекей кызды көрүп калды. Ал сырдуу таштын үстүндө ойлонуп отурган экен. Бул ташты Алтын апа менен Суу эле таанычу. Таш “сүйлөшүү керек” деген шарттуу белги болчу.

Ар ким менен эле сүйлөшө бербеген Суунун аты – Күмүш суу.  Сырдуу таштын үстүндө кыз отуруп алыптыр.



Суу кызга жете бергенде, агымын жайлатты.

– Саламатсыңбы, Күмүш суу, – деп кыз кичипейилдик менен учурашты.

– Саламатчылык. Сен кимсиң? Менин сүйлөй аларымды сен кайдан билесиң?

– Менин атым – Нургүл. Мен Алтын апанын небереси болом. Чоң апам сени сүйлөйт деп айткан. Мен ишенген эмесмин.

– Ооба, мен сүйлөйм. Бирок ар ким менен сүйлөшө бербейм. Баары эле суунун шоокумун тыңшай албайт. Себеби, адамдар ар кандай да. Кээ бири жерди, кээ бири сууну тыңшай алат. Кээ бири болсо өсүмдүктөр менен жаныбарлардын тилин жакшы билет эмеспи.



– Мына, сага! Демек, сен көптү көргөндүктөн, көптү билет экенсиң да.

Мен да ошондой болгум келет...

Ата-энем алыс жакта. Мен да сендей болуп тез чуркай алсам, аларга тез эле жетип бармакмын.

Ушул жерден Күмүш суу унчукпай калды. Нургүлдүн кулагына тып, тып, тып деген үн угулду.


Жаан жаап же бирөө ыйлап жаткандай сезилди. Тегеректе Суудан башка эч ким жок экен.



– Күмүш суу, ыйлап жатасыңбы? Сага эмне болду?

– Мен да апамды көптөн бери көрө элекмин. Жыл сайын Көл энеме жеткенге аракет кылам. Бирок канча жылдан бери ага бара албай жүрөм.

Күмүш суу көз жашын көлдөтүп ыйлады.



– Эмнеге бара албай жүрөсүң? – деп Нургүл Сууга боору ооруп сурады.

– Мурда менин жээктерим кенен жана таза болчу. Илгертен адамдар сууну сыйлап, жакшы мамиле жасашкан.

Бирок акыркы жылдары адамдар жээгимди эс алуучу жайга айландырып алышты.

Алар желим бөтөлкө, идиш, тамактын калдыктарын,  желим баштыктарды калтырып кетишет. Кээде түз эле сууга ыргытып жиберген учурлары да болот. Таштандылардын айынан, акырындап жээгиме балыр өсүп, менин мурдагыдай тез чуркоомо жолтоо болду.

Суум да кирдеди. Таштандыны агызып жүрүү кандай кыйын экенин билесиңби? Капа болосуң да анан!



Нургүл бурулуп карап, жээкте балмуздактын кагаздары жатканын көрдү.

Ал муну достору менен жеп, таштап кеткенин эстеди. Кыз уялып калды.

– Күмүш суу, бизди кечирип койчу. Сага эми кантип жардам кылабыз?

– Силер артыңардан жыйнап, таштандыны сууга таштабай, ала кетсеңер жакшы болот эле... Балким, ошондо мен тез жүгүрүп калар белем.

– Мен достор, туугандар, кошуналар менен сүйлөшөм. Биз сага жардам беребиз! – деди Нургүл чечкиндүү түрдө.

– Силердин жардамыңарга ыраазы болот элем, – деп жооп кылды Суу шарпылдап.



Кыз үйүнө келгенде,  олуттуу жана капа болгондой көрүндү.


– Сага эмне болду, берекем? – деди Алтын апа тынчсызданып.

– Апаке, көрсө, биздин Күмүш суу көптөн бери апасын көрө элек турбайбы!

Ал  таштандылардын айынан, апасына жете албай жүрүптүр. Кантип ага жардам бере алабыз?


– Ооба, чоң атаң экөөбүз да маал-маалы менен суунун жээгин  тазалап турганга аракет кылабыз. Бирок тазалап койгондон кийин, кайра эле эс алуучулар таштандыларды калтырып коюп жатышат.

– Досторду, кошуналардын, баарын чакырсак кандай болот?



Нургүл шаардан келген Бакыт байкесине болгон окуяны айтып берди.

– Келгиле, биздин Күмүш сууну чоң плакатка тартып, аны “Апага карай жол” деп атап коёлу. Аны дүкөндүн дубалына илип коёбуз. Ошондой эле СМС билдирүү жазып, бардык тааныштарыбызга жөнөтөбүз, – деди Бакыт байке өз оюн айтып.



Бакыт байке аябай аракет кылган экен. Мына, дүкөндүн дубалына чоң плакат илинди.

Плакатта чогулуу убактысы – жекшемби күнү, саат 9:30 деп көрсөтүлгөн болчу.

Болжогон күнү Нургүл чоң атасы, чоң апасы, байкеси болуп плакаттын жанына келишти.

Кыз оюнда “эч ким келбей коёбу?” деп коркуп жатты.

Ал достору жардамга келе жаткандарын көргөндө, сүйүнүп кетти. Андан соң кошуналар, алардын артынан Бакыт байкенин достору да  келип калышты.

Баары чогулуп Күмүш суунун жээгине жөнөштү. Суу шарпылдап, күн нуру чагылышып, көз ымдап тургандай көрүндү.

– Бул жылы  сөзсүз апаң менен жолугушасың. Мага ишен! – деп Нургүл Суուга шыбырады.





Каникул аяктап, жаңы окуу жылы башталды. Валентина Петровна күнгө күйгөн, жай бою бойлору өсө түшкөн окуучуларын жылмая карап турду.

– Кана, балдар, сабакты өзүбүздүн салтыбыз менен баштайлы. Ар бириңер жайкы каникулду кантип өткөргөнүңөрдү айтып бергиле, – деди.

– Мен айтып берсем болобу? Бул жай мен үчүн аябай кызыктуу болду... – деп Нургүл колун биринчи көтөрүп, өз окуясын айтып берди.



– Суу апасына жеттиби? – деп сурады Айжан.

– Ооба, ал көлгө чейин жетти. Биз бекеринен анын жээгинен таштандыларды чогулткан жокпуз да.

– Сен аябай акылдуу кызсың, Нургүл. Ушундай окуучум бар экенине сыймыктанам, – деди Валентина Петровна.



– Балдар, бизден анча алыс эмес жерде да суу агат го. Балким, ага да жардам керек болуп жүрбөсүн? – деди Таня.

– Менин атам “суусуз жашоо жок” деп айтат. Эгерде бардык сууларды таштандыга толтурсак, алар жоголуп кетиши мүмкүн, – деди Болот.

Балдар эмне кылуу керек экенин бир топко чейин талкуулашты. Алар башкаларды да эч жерге таштанды таштабай, айлана-чөйрөгө аяр мамиле кылууга эскертүү керек деп чечишти.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

USAID АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН


Автор: Айгуль Джапарова

Сүрөтчү: Эржан Токтогулов

Которгон: Талгат Деркембаев


USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору

Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли